**ЖУСУП БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ
УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР
АКАДЕМИЯСЫНЫН ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ
ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ**

**Д.10.09.395 ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ**

Кол жазма укугунда

УДК: 894.341;398.91(575.2)(043.3)

**Абдубалиева Бактыгүл Жумакадыровна**

# ТҮРК ЭЛДЕРИНИН МАКАЛДАРЫНЫН ЖАЛПЫЛЫКТАРЫ ЖАНА ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ (кыргыз, алтай, хакас, тува макалдары)

**Адистиги 10.01.09 – фольклористика**

**филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын**

## авторефераты

**Бишкек – 2010**

## Иштин жалпы мүнөздөмөсү

Окумуштуулар байыркы түрк урууларынын, ошонун ичинде кыргыздардын да эзелки мекен-журту Алтай, Түштүк Сибирь болгон деген жыйынтыкка келишет. Ошонун негизинде тарых изин иликтеп, тарыхчылар, тилчилер, адабиятчылар Сибирдеги алтай, хакас, тува жана кыргыз элинин каада-салт, үрп-адат, адабият, маданиятын салыштырып изилдешет. Кыргыз макалдарын алтай, хакас, тува макалдары менен салыштырып изилдөө да ушул байыркы этникалык байланышка негизделген.

Тарыхый, этнографиялык маалыматтар үчүн макалдарды салыштыруу аркылуу байыркы генетикалык байланыштарды байкоого болот. Элдик оозеки чыгарма, тилдик, адабий каражаттар элдин башынан өткөн турмушун, салт-санаа, ой-пикир, башка элдер менен болгон байланышын чагылдыргандыктан, алар тарыхый маалыматтарга жардамчы болот.

**Теманын актуалдуулугу.** Алтай, тува, хакас жана кыргыз тили жөнүндө тилдик изилдөөлөр жүргүзүлсө да, алардын макалдарындагы окшоштуктар ушул күнгө чейин изилденбей келе жатат. Кыргыздарга өзгө түрк калктарына караганда алтай, хакас, тува калктарынын этникалык жагы жакын, байыркы тарыхый байланышы күчтүү. Ошондуктан кылымдардан – кылымдарга өмүр сүргөн аталган элдердеги макалдарды салыштырып, тектештигин аныктоо кыргыз фольклористикасындагы актуалдуу маселе.

Байыркы башатыбыз болгон орхон-енисей жазмасындагы накыл сөздөрдү, Махмуд Кашгаринин «Дивану лугатит түрк» сөздүгүндөгү макалдарды да салыштырып кароо-кыргыз макалдарынын табиятын ачууга көмөк көрсөтө турган маанилүү иш. Тектеш эмес антика афоризмдериндеги окшоштуктардын болушу кокустукпу же турмуштук жалпылыктан келип чыккан туундубу, булардын изилдөө объектисине алынышы да актуалдуу маселелердин бири деп эсептейбиз.

Биз иликтөөгө алган кыргыз, алтай, хакас, тува элдеринин тилдик гана тектештиги болбостон, белгилүү даражада макалдарында да тектештиги бар.

Абалкы алакалары алда качан үзүлүп калган алтай, хакас, тува элдери менен кыргыз элиндеги макалдардын бүгүнкү күнгө чейин сакталышы басып өткөн жолубуздун байыркы башатынан кабар берет. Алтай, хакас, тува элдеринин курамындагы «кыргыз» этноними эзелки замандын шартында аталган элдердин эл болуп калыптанышына кыргыздардын да чоң роль ойногонун белгилейт. Кыргыздар байыркы эл болгондуктан, анын тарыхта ээлеген орду Чыгыштан Батышка чейин кеңири тараган түрк элдеринин арасында жолугушу, анын тарыхта бараандуу из калтырганына күбө болот. Аталган жагдайда тарыхчылардын

этнографиялык изилдөөлөрү өтө маанилүү орунда турганы талашсыз. Бул актуалдуу маселени андан ары тереңдетүү кыргыз фольклористикасында кечиктирилгис зарыл иш.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Иштин негизги максаты – алтай, хакас, тува жана кыргыз макалдарынын тектештигин илимий түрдө далилдөө. Ушул максатты ишке ашыруу үчүн төмөнкүдөй милдеттер аткарылды: мисалдардын негизинде салыштыра кароо; байыркы байланыштардын негизинде келип чыккан окшоштуктарды белгилөө; алардын өзгөчөлүктөрүнө байкоо жүргүзүү; тектештик тегин эместигин аныктоо; макалдардын узак кылымдар бою унутулбай, эл эсинде сакталарын илимий негизде ачып берүү; макалдардын элден элге таралышынын тарыхый, социалдык шарттарын ачып көрсөтүү. Иште макалдардын чыгышы, анын классификациясы, тематикасы сыяктуу өз-өзүнчө каралчу маселелерди карабастан, тек гана алтай, хакас, тува жана кыргыз макалдарын салыштыруу аркылуу алардагы тектештикти, өзгөчөлүктөрүн ачып көрсөтүү максатын көздөйт. Ошого ылайык макалдарды караганыбызда байыркы башаттарга да назар салуу ылайык болду.

Бул максаттарды жүзөгө ашырууда төмөнкүдөй милдеттер аткарылды:

- байыркы түрк жазма эстеликтериндеги накыл сөздөргө кыргыз макалдарын салыштыруу;
- антикалык афоризмдер менен кыргыз макалдарындагы үндөштүктөрдү табуу;
- Махмуд Кашгаринин «Дивану лугатит түрк» сөздүгүндөгү макалдардын кыргыз макалдарына параллелдерин көрсөтүү;
- алтай, хакас, тувалардын этнографиялык маалыматтары жана макалдарынын мисалдары аркылуу кыргыздар менен бул элдердин тарыхый, маданий байланыштары бар экендигин далилдөө.

Иштин негизги максатын жана алдыга коюлган милдеттерди изилдөөдө ишке **тарыхый салыштырма методу** колдонулду.

**Коргоого коюлуучу негизги жоболор:**

- кыргыз макалдары байыркы башаттардагы (байыркы түрк жазма эстеликтери, М. Кашгаринин «Дивану лугатит түрк» сөздүгү) накыл сөздөр менен байланышкан;
- антикалык афоризмдер менен кыргыз макалдарынын да окшоштуктары, эквиваленттери арбын кездешет;
- алтай, хакас, тувалыктардын кыргыздар менен тарыхый-этнографиялык байланыштары белгиленген;
- кыргыз, алтай, хакас, тува элдеринин макалдарынын тектештигин, жалпылыгын жана өзгөчөлүктөрүн ачып көрсөтүү маселелери каралды.

**Изилдөөнүн жаңылыгы.** Алтай, хакас, тува жана кыргыз макалдары кыргыз фольклористика илиминде биринчи жолу салыштырылып каралды.

Ошондой эле байыркы түрк жазма эстеликтериндеги накыл сөздөр, байыркы антикалык афоризмдер, орто кылымдагы Махмуд Кашгаринин сөздүгүндөгү макалдар алгач ирет кыргыз макалдарына салыштырылып, иликтөөгө алынды, окшоштуктар белгиленди. Келечекте изилдей турган маселелер үчүн негиз боло ала турган автордук көз караш, сунуш пикирлер иштелип чыкты.

**Изилдөө объектиси** катары Орхон-Енисей тексттери[1], Антика афоризмдери[2], Махмуд Кашгаринин «Дивану лугатит түрк сөздүгү»[3], алтай макалдары[4], хакас макалдары[5], тува макалдары[6], ж.б. бир катар авторлордун тарыхый-этнографиялык эмгектери, адабий изилдөөлөрү пайдаланылды.

**Изилдөөнүн теориялык-методологиялык негизи.** Бул эмгекти жазууда академик В.М.Жирмунскийдин, Б.М.Юнусалиевдин, Р.З.Кыдырбаеванын, А.Акматалиевдин, К.Артыкбаевдин, С.Закировдун, Э.Абдылдаевдин, Т.Абдыракуновдун, А.Абдыразаковдун, Б.Бедюровдун, тарыхчылар: С.М.Абрамзондун, И.Молдобаевдин, Э.Маанаевдин, О.Каратаевдин, Т.Чоротегиндин ж.б. эмгектерине таяндык. Фольклордук жана адабият тармагындагы илимий эмгектер, казак, орус ж.б. элдердин тилинде жарык көргөн материалдар пайдаланылды.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси.** Диссертациялык иш илимий монография түрүндө жарыяланып, жогорку окуу жайларынын филология факультетинде, мектептерде адабият сабагын окутууда, тектеш тилдерди салыштырууда, атайын курстарды өтүүдө колдонулмакчы. Ошондой эле тарыхчыларга, этнографтарга, философторго да пайдалуу материал болушу мүмкүн.

**Изилдөөнүн апробациясы.** Изилдөөгө алынган илимий-теориялык жоболор, темага байланыштуу айрым маселелер К.Тыныстановдун 105 жылдыгына арналган илимий-теориялык конференцияда жана Ж.Мамытовдун 70 жылдыгына арналган «Кыргыз филологиясынын актуалдуу маселелери» аттуу республикалык илимий-практикалык конференцияда талкууланган. Иштин мазмуну боюнча 8 илимий макала илимий журналдарда жарык көргөн. Диссертациялык иш К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин «Кыргыз адабияты» кафедрасында жана Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин кыргыз филологиясы жана кыргызтаануу факультетинин кыргыз адабияты жана орус адабиятынын теориясы жана тарыхы

---

[1] Малов С.Е. Памятники древнетюркской письменности.-М.: 1951.

[2] Казаченок Т.Г, Громыко И.Н. Античные афоризмы.-Минск: Вышэйшая школа, 1987.

[3]Девону луготит түрк: Индекс-лугат/ Абдурахмонов Г.ва С. Муталлибовлар иштироки ва тахрири остида.-Тошкент: Фан, 1967.

[4] Алтай кеп сөстөр ле укаа сөстөр.-Горно Алтайск, Горно Алтайский книжный издательство, 1956.
Алтай албатыныҥ чүмдү сөстери.-Горно Алтайск, Туулу Алтайдын бичиктер чыгарар издательствозы, 1962.

[5]Хакас чонныҥ сөспектери, чоох-чаахтары, сиспектери.-Абакан: Хакасияныҥ книга издательствозы, 1960.

[6] Тыва үлегер домактар, чечен сөстер. Тургускан болгош очулдурган М.Хадаханэ, О.Саган-оол.-Кызыл: Тываныҥ ном үндүрер чери, 1966.

кафедрасынын кошмо жыйынында талкууланып, И. Арабаев атындагы КМУнун Мамлекеттик тил жана маданият институтундагы кыргыз адабияты кафедрасында кошумча эксперттик талкуудан өтүп, оң баасын алган.

**Изилдөөчүнүн жеке салымы.** Диссертациялык иште каралган маселелерди, коюлган максат-милдеттерди талдоодо фактылык материалдарды кыргыз тилине которуп берүү, аларды салыштыруу, жалпылыктарын жана өзгөчөлүктөрүн белгилөөдөн келип чыккан жоботыянактар изилдөөчүнүн жеке салымы болуп эсептелет.

**Иштин структурасы.** Диссертациялык иш киришүүдөн, эки главадан, корутундудан жана пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат.

**Киришүүдө** иштин жалпы мүнөздөмөсү, теманын актуалдуулугу, изилдөөнүн максаты жана милдеттери, изилдөөнүн жаңылыгы, теориялык-методологиялык негизи, илимий-практикалык мааниси көрсөтүлдү.

**Биринчи глава «Байыркы башаттар»** деп аталып: Байыркы түрк жазма эстеликтериндеги накыл сөздөр, Антика афоризмдери жана кыргыздын накыл сөздөрү, Махмуд Кашгаринин (Барскони) «Дивану лугатит түрк» сөздүгү жана кыргыз макалдары аттуу 3 параграфтан турат.

**§1. Байыркы түрк жазма эстеликтериндеги накыл сөздөр.**

Борбордук Азия жана Орто Азияда VI-VIII кылымдардагы ташка чегилген жазма эстеликтер жалпы эле түрк элдеринин тарыхында анын ичинде кыргыз фольклористика илиминде өзгөчө орунда турат. Бул эстеликтерден ата-бабаларыбыздын тарыхын, дүйнөгө болгон көз карашын, маданиятын, мамлекеттик түзүлүшүн, тилдик, адабий маселелерин айкын көрөбүз.

«Енисейдин жогорку агымында, Минусинскиде жашаган байыркы кыргыздардын, карагастардын, хакастардын, тувалыктардын жана Алтайдагы башка элдердин ата-бабалары тыгыз карым-катышта болушкан»[1].

Окумуштуулар Күлтегин, Билге каган эстеликтерин адабий тилдин үлгүсү катары эсептешет. Ал калган көчмөн түрк уруулары үчүн түшүнүктүү болгон. Бул жазуу мурастарын азыркы түрк тилдүү элдердин тилдик, адабий, тарыхый мурасы катары карообуз ылайык. Ал азыркы түрк тилдери таяна турган эң байыркы мурас болуп саналат. Ошондуктан анын азыркы тилдик, адабий маселелердин тарыхы үчүн таяныч материал катары салыштырып кароо байыркы менен азыркынын байланышын байкоого белгилүү даражада мүмкүндүк берет.

Изилдөөчү А. Абдыразаков көлөмдүү Орхон эстеликтеринде (Билге каган, Күлтегин, Тонукук) «…баяндоо, монолог, диалог формалары, психологиялык толгонуулар, кыймыл-аракет, көркөм салыштыруулар, макал, лакап, эпикалык идеализация, гипербола ж. б. көркөм адабий чыгармаларда

[1]Орхон-Енисей тексттери.-Фрунзе: Илим, 1982.-8-б.

кездешүүчү формалар Күлтегин, Тонукук, Могиляндын эстелигиндеги жазууларда кеңири түрдө кездешет. Ошону менен катар бул ташка жазылган тарыхый дастандарда макалдар, керез сөздөр, жоктоо, арман, мактоо жана накыл сөздөр сыяктуу кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгында орун алган жанрдык формалардын да элементтери учурайт»[1], - деп эң туура көрсөткөн.

Азыркы кыргыз учкул сөздөрүнүн учкундары байыркы эстеликтерде жолугарын байкайбыз. Орхон-енисей, Талас рун эстеликтеринде текстердин мүнөзүнө жараша нагыз макалдар колдонулбаганы менен, макалга тете фразалар, учкул сөздөр жолугуп, кыргыздын оозеки чыгармаларынын үлгүлөрүнө үндөшүп турат. Азыркы түрк элдеринин байыркы бабалардан калган нарк-насил, накыл сөздөрү алардын тарыхын аңдап билүүгө, өткөндөгүбүзгө серп салууга өбөлгө түзөт.

Диссертацияда эстеликтердеги байыркы накыл сөздөрдүн түп нускасы жана анын кыргызча котормосу берилип, салыштырылып, өзгөчөлүктөрү белгиленди.

Күлтегин эстелигинде[2] анын такка отурганынан баштап эрдиктери баяндалып: йок чыгаң будуныг бай кылтым, аз будуныг үкүш кылтым… Түрк беглер будун, буны эсидиң! – жок, кедей элди көп кылдым. Кедей элди бай кылдым, аз элди көп кылдым… Түрк бектери, эл, муну эшиткин! (Кт 1, 10). Бул сөздүн төркүнү түпкүрдө. «Манаста» да Манас: «Кулаалы таптап куш кылдым, курама жыйып журт кылдым», - деген саптар дал VIII кылымдагы Күлтегиндин эпикалык баяндоосу менен туташ, дал келип жатат. Күлтегиндин өз элине жасаган эрдиги даңазаланып, Билге каган: «Иним Күлтегин бирле сөзлешдимиз… түрк будун үчүн түн удымадым, күнтүз олурмадым». – Иним Күлтегин менен сүйлөштүк… Түрк эли үчүн түн уктабадым, күндүз олтурбадым (Кт 2, 26), - деп эрдиктерин баян кылат. Кыргыздардагы элдик оозеки чыгармаларда да: «Түнүчүндө уйкум жок, күндүзүндө тынчым жок», «Түн уйкумдан, күн тынчымдан», - деген саптар жогорудагы ой менен тутумдаш.

Салгылаштын каардуу болгондугун «Каның субча йүгүрти, сөңүкүң тагча йатды». – Каның суудай жүгүрдү, сөөгүң тоодой жатты, - деп баяндайт. «Манаста» да «Кан акканы суу болду, Эр өлүгү тоо болду», - деп сүрөттөлөт. Билге каган Күлтегин инисинин эрдиктерин баяндап, ал кайтыш болгондо: «Иним Күлтегин кергек болты, өзим сакынтым; көрүр көзим көрмез тег, билир билигим билмез тег болты, өзим сагынтым. Көзде йаш келсер, эти да көңилге сыгыт келсер». – Иним Күлтегин керек болду (Теңирге), өзүм сакындым; көрөр көзүм көрбөстөй, билер билгим билбестей болду, өзүм сагындым. Көздө жаш келсе, эти да көңүлдө ый келсе (Кт 2, 33), деп жакынынан айрылган жоктоодо айтылган «Көрөр көзүмдөн айрылдым, кара көзүм кашайды, акылымдан айрылдым, көздөн жаш, көкүрөктөн ый кетпес», - деген сөздөр кыргыздарда деле айтыла

[1]Абдыразаков А. Түрк атанын балдары болсок…же рун башаттары. ТИКА, Анкара, 1995.-73-б.
[2]С.Е.Маловдун «Памятники древнетюркской письменности».-М: 1951 эмгегиндеги Күлтегин тексти Кт1 (кичине жазуу), Кт2 (чоң жазуу) болуп кыскартылып берилди.

жүргөн кеп. Даңазалуу адамга көңүл айтуу салты түрк элдеринин эпосторунда кеңири учурайт. Бул салт орхон –енисей рун жазмасында да көрүнөт.

Р.З. Кыдырбаева белгилегендей кыргыз жана алтай эпосторундагы жоктоо, кошок байыркы түрк рун жазмасындагы кошок,көңүл айтуу, жоктоо салты менен жалпылыкты түзөт. Рун жазмаларындагы жоктоолордо баатырдын кылган эрдиктери, түрк каганатын чыңдоодогу кызматы, түрк элин баш коштурууга жасаган аракети айтылат. Маркумду жоктоодо анын көзү тирүүсүндө жасаган жакшылык иштери, адамдык асыл сапаттары кеңири баяндалат. «Манас» эпосунда да Манас кыргыз элинин биримдиги, бейпилдиги, жыргалчылыгы үчүн душмандар менен аёосуз салгылышып, жасаган баатырдык иштери туурасында өлөөр алдында керез сөз айтат.[1]

Күлтегин ата-бабалары мыкты чыгып, төрт тарабы жоо болгон, бирок эрдик менен жоону жоолап, төрт тарапты чаап: «төрт булуңдакы коп алмыс, коп баз кылмыс, башлыгыг йүкүнтүрмис, тизлигиг сөкүрмис», - төрт булуңдакы элди көп алган, көп бас кылган, баштууну жүгүндүргөн, тизелүүнү чөгөргөн (Кт 2, 2).

«Манаста» «Басташканын бас кылган», - деп айтылган саптар менен жогорку эстеликтеги ойдун түйүнү бир. Багынганда баш ийүү, айыптуу болсо, тизелеп жан соогалоо мүнөздүү көрүнүш. Кеп мында, VIII кылымдагы учкул сөздүн учугу тээ байыркы заманда болуп жатканы өтө маанилүү. Ыр ыргагындай айтылган бул сөздөр бабалардын улуу сөздөрдү урматтай билгенине күбө. Түрктөрдүн табгачка багынганынан улам: «табгач будунка беглиг уры оглың кул болты, силик кыз оглың күң болты». – Табгач элине бек уруу уулуң кул болду, сулуу кызың күң болду (Кт 2, 7), - дейт. Кыргызда: «Эркегиңди кул кылам, катыныңды тул кылам», - деген саптар айтылат. Ушул эле Күлтегинде: «Теңири күч бертүк үчүн каңым каган сүси бөри тег эрмис, йагысы коң тег эрмис». – Теңири күч берген үчүн атам каган аскери бөрүдөй, жоосу койдой экен (Кт 2, 12), - деген саптардагы атасын көкжал бөрүгө, жоосун жоош, алсыз койго салыштыруусу эпостук апыртууга мүнөздүү көрүнүш.

Байыркы жазма булактардын материалдарын азыркы тилдик, адабий материалдарга салыштыра кароо зарыл. Билге каган, Күлтегин, Тонукук эстеликтериндеги эпостук мотивдерди иликтеп салыштырып изилдөө кыргыз фольклористикасы үчүн өзгөчө мааниге ээ.

«Күлтегин такталган тарыхый адам болсо да, анын образы эпикалык жактан идеализациялоо мүнөзүндө сүрөттөлүп, көз карандысыздыкка умтулуу идеясын жүзөгө ашырууга жаралган баатыр каарман катары түрк элдеринин эпосторунун алп каармандары сыяктуу ролго чейин жеткирилген… Эстеликтеги каармандардын эрдиктери сыяктуу сырткы

---

[1]Кыдырбаева Р.З. Эпос “Манас”. Генезис. Поэтика. Сказительство. – Бишкек: Шам, 1966. -97б.

окуялар гана эмес, таш жазуунун көркөм ички байлыктары – метафора, салыштыруу, эпитет, аллитерация, гипербола, аллегория ж.б. да анын толук дастандык формага шайкеш келерин бекемдеп турат».[1]

Орхон текстери болгон Күлтегин, Билге каган, Тонукук эстеликтери эпостук мотивдерге ээ болуп, байыркы адабий тилдин үлгүсү катары эсептелет.

Байыркы кыргыз текстери да уйкаштыкка ээ, курулушу, сюжеттик жагы да эпостук өзгөчөлүктөргө шайкеш. Ошондуктан булардагы өзгөчөлүктөр жана жалпылыктар кыргыз адабиятынын байыркы башаты катары бааланат.

**§2. Антика афоризмдери жана кыргыздын накыл сөздөрү**. Иште антикалык замандарда эле Батыш менен Чыгыштын байланышы болгондугу тарыхый маалыматтарга таянып көрсөтүлдү. Антикалык афоризмдерди, макалдарды кыргыз тилиндеги макалдарга салыштырып берүү, алардагы окшоштуктарды белгилесе, экинчи жагынан, ал афоризмдер элибизге сиңип, ой казынабызды байытат. Макалдардын окшош болуш себептерин аныктоо оңой-олтоң иш эмес. Антика афоризмдери менен кыргыз макалдарынын маани-мазмундаш болушу, ой түйүндөрүнүн бирдейлиги кызыгууну туудурбай койбойт. Антика афоризмдерин которуп, салыштырып кароонун негизи да ушундан келип чыкты.

Кайсы калктын болсо да басып өткөн тарыхынын байыркы башаты өзгөчө орунда турат. Жазуусу бар элде акылмандыгы кагазда сакталса, жазуусу жок элдерде калк казынасы муундан муунга мурасталып, оозеки жашап келген. Элибизде эзелтеден: «Акыл оошот, ырыс жугушат», - деген акылман кеп бар. Адам адам болгон соң, жашоо-тиричилик, турмуштук окшоштук, дүйнөгө көз караш, таанып-билүү таалимдери ар кайсы элде ар башка тилде айтылса да, мазмуну бирдей көрүнүштөр көп эле кездешет. Эзелки байланышы болбогон элдерде да айырмасы анча байкалбаган ой тыянактары жолугат. Ал окшоштуктар – турмуштук тажрыйбанын тыянагы, болбосо, элден элге оошкон ойдун сапар-саякаты, тарыхый турмуштун жакындыгы, окшоштугу.

Байыркы Рим менен Борбордук Азия түрктөрүнүн байланышы болгону тарыхта белгилүү. Ал түгүл байыркы Орхон енисей жазуусунун түбү арамей жазуусуна барып такалышы тарыхый байланыштын айкын күбөсү. Биз иште антикалык учкул сөздөрдүн орусча берилишин дайыма эле сөзмө сөз которбой, кыргызча маанисин же жакын эквиваленттеринен да келтирдик.

Өмүр, өлүм, жакшылык, жамандык, махабат, ата-эне, карылык, жаштык д.у.с. көрүнүштөр кайсы элге болсо да бирдей мүнөздүү.

---

[1] Кыргыз адабиятынын тарыхы. IV том. А.Акматалиевдин жалпы редакциясы астында. –Бишкек, 2002. -26-б.

Ошондуктан эч кандай карым-катышы жок элдерде деле окшош жыйынтыктар болуп калат. Андай афоризмдер, макалдар сөзмө-сөз кайталанбаса да ой окшоштуктары бирдей жолугат.

Акылмандардын афоризмдерин кыргызча которуп алуу кыргыз макалдарынын байышынын сырткы булагы болуп саналат. Биз аларды которуу менен, өз тилибизге сиңирип алсак анын өзгө элден киргени да билинбей калат. Элден элге оошкон кыйла макалдар кайдан, качан, кимдерден киргени билинбей, төл макалга айланып кетет. Бир эле ойдун бир нече өзгөчө вариантта айтылган синоним макалдары келип чыгат.

Грек, рим элдик афоризмдеринин, философторунун акылман ойлорунун бир кыйласы которулуп берилгенде, алардын маанисин карап көргөндө, кыргыз макалдары менен жалпылыгын, окшоштуктарын көрөбүз. Ошондой эле жатык которулса, макалга айланып кете турганы байкалат. Ошондуктан котормонун макалдарды байытууда да чоң роль ойной турганын унутпоо зарыл. Айрым афоризмдерди калька жолу менен бергенде, ошол эле мааниде же ага жакын кыргыз макалы жолугат.

Макалдардын тилдик жагы окшошпосо да, маани жагынан окшоштуктары көп эле жолугат. Теги бир түрк элдеринин макалдарында сөздөрү да окшош болуп, бирок фонетикалык жагынан айырмалар же башка сөз менен алмашылган жагдайлары учурайт. Тектеш эмес аймагы ченемсиз алыстагы антикалык афоризмдердин да биздин макалдарыбыз менен маанилеш жолугушун кандайча түшүндүрүүгө болот? Бул окшоштук кандай келип чыкты, бири экинчисинен кантип алды? Айрым афоризмдер бир эмес, бир нече элде бирдей мааниде жолугат: Темирди кызуусунда сок, Катындын чачы узун, акылы кыска, Жети өлчөп, бир кес, Көп угуп, аз сүйлө, Жакшыга бир сөз, жаманга миң сөз өңдүү макалдар кайсы гана калкта жок.

Батыш менен Чыгышка орустар илгертен көпүрө болуп келаткан калк. Алар аркылуу арбын макалдардын кириши да ажеп эмес. Ошондой эле араб, ирандар аркылуу да, элдик оозеки чыгармалардын шарданы менен да макалдардын кириши күмөн туудурбайт. Макалдардын оошуу жолу менен келгендигин же өзүнүкү экенин аныктоо арзанга турбайт. Бирдей ойду айтууда ар бир калк өз бүтүмүнө жараша өткүр, таамай макалдарды жаратат. Макалдардын баарын эле кабыл алынган макал катары карай берүү аша чапкандык болот. Ар бир элдин өзүнүн турмуштук туундусунан жаралган макалдарын да унутпоого тийишпиз. Санаттардан, жомоктордон, санжыралардан жана башка жагдайлардан жаралган калктын макалы – алардын өздөрү жараткан казынасы.

Чыгыш поэзиясы, чыгыш философиясы, чыгыш кол өнөрчүлүгү, чыгыш макал, учкул сөздөрү бүткүл Европа континентинде даңкы тараган. Кыргыздардагы «Көп угуп, өз сүйлө», «Жоктон бар болбойт», «Эмне эксең ошону оросуң», «Карга карганын көзүн чокубайт», «Досуңдун бергенинин тишин ачпа», «Жаш келсе - ишке, кары келсе ашка», «Алма сабагынан

алыс түшпөйт», «Эки тоо көрүшпөйт, эки адам көрүшөт», «Бала калп айтпайт», «Жакшыга бир сөз, жаманга миң сөз» сыяктуу макалдардын антикалык доордогу макалдар менен окшош болушу жашоо турмушка болгон көз караштардын логикалык мазмунунун бирдейлигинде. Ал эми алардын айырмачылыгы-образдын курулушунда, реалдуу жана турмуштук көрүнүштөрдүн ар түрдүүлүгүндө.

**§3. Махмуд Кашгаринин (Барскони) «Дивану лигатит түрк» сөздүгү жана кыргыз макалдары.** Махмуд Кашгаринин «Дивану лугатит-түрк» сөз жыйнагы – урпактарга баа жеткис мурас. Чыгыш аалымдарынын бири Али Эмири (1857-1923) китептин баасын: «Бул китеп эмес, Түркстан өлкөсү. Түркстан түгүл – бүткүл дүйнө!» - деп баалаган.

«М.Кашгарини эң алгачкы илимпоз – түрколог деп да, XI кылымдагы түркология илиминин Радлову деп да баалап жүрүшөт. Бул деңгээлге аны ойдон тоого, талаадан чөлгө өтүп, жер кезген диалектологдук мээнети гана жеткирген жок. Эң негизгиси – ал жөн гана саякатчы эмес, түрк тилдерин жана диалектилерин топтолгон маалыматтын негизинде таасын сыпаттап берүүгө баш койгон аалым»[1]. Анын илимий мурасы баардык түрк элдери үчүн орток казына болуп саналат.

М.Кашгари түрк элдеринен материал чогулткан кезде кайдан баштап, кайсы жолдор менен чогултканын, саякат багытын эч жерде жазган эмес. Ошентсе да, кириш бөлүмүндө түрк элдерин санап бергендиги эле оңой олжо эмес.

«Махмуд Кашгаринин сөздүгүндө кыргыздар жөнүндө маалыматтар жетиштүү санда берилген. Ал өз эмгегин «Түрк сөздөрүнүн жыйнагы» деп бекеринен атаган эмес. Эгер ал жалаң гана уйгур тилин үйрөнүп, жалаң гана ошол элдин сөздүгүн түзгөндө өз эмгегин «уйгур тилинин сөздүгү» деп гана атап коймок. Бирок ал кириш сөзүндө көрсөткөндөй ошол кездеги түрк элдеринин (түрктөр, түркмөндөр, огуздар, чигилдер. ягмалар, кыргыздардын) сөздөрүн чогултуп чыккан. «Мен, -деп жазган Махмуд Кашгари кириш сөзүндө,- түрктөр, түркмөндөр, огуздар, чигилдер, ягмалар, кыргыздардын шаарларын, кыштак жана жайлоолорун көп жылдар кезип чыктым, сөздөрүн топтодум, ар кыл сөз маанилерин үйрөнүп, аныктап чыктым. Мен бул иштерди тил билбегендигим үчүн эмес, балким бул тилдердеги ар бир кичинекей өзгөчөлүктөрдү да аныкташ үчүн да иштедим… Аларга ошончо көңүл бурдум дейсиң, -түрк, түркмөн, огуз, чигил, ягма жана кыргыз калктарынын тилдери бүтүндөй дилиме жат болду. Аларды ар жагынан жыйнактап, негизги бир тартипке салдым. Бул чыгарма адабий эстелик болсун деп, кудайга сыйынып, бул китепти түздүм. Китеп «Түрк сөздөрүнүн жыйнагы» деп аталды. (Дивану луготит түрк,1- том, 44-бет).

Махмуд Кашгари жалаң гана сөздөрүн эмес, ал ошол элдердин адабий

---

[1] Чоротегин Т.К Махмуд Кашгаринин (Барскони) жана анын «Дивану лигатит-түрк» сөз жыйнагы (1072-1077).-Бишкек: Кыргызстан, 1997.-52-б.

материалдарын да чогулткан»[1].

Макалдардын тектештигин караганда сөзсүз эле сөзмө-сөз туура келишине таянганыбыз болбойт. Андай дал келүүлөр да болот, бирок маани-мазмуну туура келип, сөздөрү айырмалуу болсо, ал тилдик бөтөнчөлүктөр экенин эске алуубуз керек. Ошондуктан макалдагы түшүнүксүз же эскирген сөздөр-ал узак мезгилдин өтүшүнүн натыйжасында сейрек колдонулуп же унут болуп, архаизмге айланып калганын да унутпоо зарыл.

XI кылымдагы сөздөрдүн айтылыш, жазылыш өзгөчөлүктөрүндө да олуттуу туура келбестиктер болушу табигый көрүнүш. Аздыр-көптүр болсо да ошол учурда айтылган сөздөр кабыл алынган башка сөздөр менен алмашылып калышы мүмкүн. Ошондуктан бир аз айырмасы менен учураган макалдарды «бул кыргыздыкы эмес» деп өзүбүздүн тилибизден оолактатканыбыз жарабайт. Ошол макалдын мазмуну тилибизде барбы, кандай туура келет, кандай бөтөнчөлүктөргө ээ, ошого назар оодарганыбыз абзел.

Биз байыркы башат катары карап жаткан Махмуд Кашгаринин «Диванындагы» макалдарды биринчи алып, ага кыргыз макалдарын параллель коюу аркылуу салыштырып, өзгөчөлүктөрүн, окшоштуктарын ачабыз. Андагы кыйла макалдар кыргыз тилинде күнү бүгүн сакталса, кыйлалары жолукпайт. Андай жолукпаган макалдарды байыркы кыргыздарда болгон эмес деп бүтүм чыгарууга туура болбос.

«Дивандагы» айрым макалдар азыркы кыргыз тилиндеги макалдар менен маани - мазмуну, грамматикалык жагы, синтаксистик курулушу дээрлик сакталгандыгын көрөбүз. Далилдерге кайрылалы:

Түлки өз иниге үрсе, узуз болур. Бул макалда «узуз» сөзүнөн башкалары азыркы түрк элдерине түгөл түшүнүктүү. Ал түгүл кыргыз тилинде бул макал азыр да «Түлкү ийнин карап үрсө котур болот», - деп айрымасыз айтылат. Бир эле макал экени эч кандай күмөн туудурбайт.

Бул макалдын байыркы экендиги, кылымдар бою туруктуулугун сактап, ошол мезгилдеги түрк элдеринде түгөлдөй түшүнүктүү болгондугун азыркы түрк элдеринде да учурагандыгынан улам орток макал экендигин баамдоого болот. Макал өтмө мааниде колдонулат. Мында түлкү котур болгону үчүн ийнин жаман көрүп үрүп жаткан жок. Бул макал менен өзүнүн өскөн жерин, элин, мекенин жамандаган, акарат кылып таштап кеткен адамдын оңолбостугун, ал наалатка каларын айтып жатат.

Эрмегүгө эшик арт болур. Бул макал бир караганда чоочун көрүнгөнү менен, түгөлү менен түрк сөздөрү. Эрмегүнүн уңгусу – «эрмек». Бекер адам эрмектешет. «Арт» сөзү кыргыз тилинде кеңири колдонулбаганы менен, жер-суу аттарынын тутумунда жолугат, арт «ашуу» маанисинде:

---

[1] Артыкбаев К. Сын сапары.-Фрунзе: Кыргызстан басмасы, 1970.-131-132-б.б.

Кызарт «Кызашуу», Музарт «Музашуу», Эшекарт «Эшек ашуу», Балгарт «Балык ашуу» ж. б. Демек жогорку макалдын мааниси – Эрикчелге эшик-ашуу. Ушундай эле: Эрмегүге булыт йүг болур. Бул макалдын мааниси «Жалкоого булут жүк болор» же «Жалкоого булут да жүк».

Макалдарды өз ара салыштырууда, албетте, фольклордук чыгарманын ар бир сөзүнө да назар оодарууга туура келет. Чыгарманын биринчи элементи тил болгон соң, макалдардагы түшүнүксүз, бүдөмүк сөздөргө да көңүл буруп, тактай кетүү макалдын табиятын тереңирээк түшүнүүгө, ал түгүл кыргыз макалдарындагы же тилибиздеги айрым байкалбаган түшүнүктөрдүн төркүнүн табууга мүмкүндүк берет. XI кылымдагы «арт» сөзү азыркы тува тилинде ашуу маанисинде кадыресе эле айтылат. Кыргыз тилинде болсо топонимдердин гана тутумунда сакталып, өз алдынча колдонулбай, «ашуу» сөзү басымдуу колдонулуп кеткен.

Төмөнкү макалдарды котормосуз эле түшүнсөк болот: Куш канатын, эр атын. Кыргызда: «Ат адамдын канаты», - дейт. Куш канатына таянса, эр атына таянары белгилүү.

От тесе агыз күймес. Кыргызда: «От дегенден ооз күйбөйт» деген макал элибизде эзелтен айтылат. Кыргызда: «Көсөө узун болсо кол күйбөйт», - деген макал мындан миң жылдар алда канча мурда колдонулганын «Дивандагы» макал далилдеп турат: Күзеки узун болсо, элик күймес. Фонетикалык жагынан гана айрымаланбаса, мына бул макал кыргыз макалынын өзү: Таг тагка кавушмас, киши кишиге кавушур. Бул – байыркы кыргыз тилиндеги айтылышы. Кыргыз тилинде созулма үндүүлөр тилдин тарыхый өнүгүшүндө кийин пайда болгонун эске алсак, бул макалды толук кыргыз макалы дейбиз. Таг «тоо» кыргызда Күмүштак деген топонимдеги «так» «тагдын» өзгөргөн түрү. Демек жогорку макал – азыркы кыргыз макалынын өзү. Сөзмө сөз алсак: Тоо тоого кабылбас, киши кишиге кабылышар. Биздеги: «Эки тоо көрүшпөйт, эки адам көрүшөт», - деген макалга дал келет. Киши сөзлешү, йылкы йызлашу. Кыргызча мааниси: Киши сүйлөшүп, жылкы жытташып таанышат. «Адам сүйлөшкөнчө, жылкы кишенешкенче», -деген кыргыз макалы бар. Мына бул макалдын ушул калыбында сакталып, бүгүн да турушу кандай керемет: Ики кочкар башы бир ашычта пышмаз. Сөзмө сөз алсак: Эки кочкор башы бир ашычта (казанда) бышпас. Макалдын мааниси эки мыктынын бири-бирине жол бербестиги, текеберлиги, батышпастыгы жөнүндө айтылган.

Коркмыш кишиге кой башы кош көрнүр. Кыргызча которбой койсок деле түшүктүү. Кыргызда: «Коркконго кош көрүнөт» же «Коркконго кош көрүнөт, кошогу менен беш көрүнөт», - деген макал «Дивандагы» макалдын узак жашаган өмүрүнө күбө. Көз жетпеген жерге сөз жетет деген – ушул.

Макалдардагы түшүнүксүз сөздөргө кайрылбасак, макалдардын мааниси ачылбай калат. Ошондуктан Махмуд Кашгаринин «Дивандагы»

сөздүгүн карап, андагы маанисин билип, кыргыз макалдары менен салыштырганда гана макалдын мааниси ачылат.

Байыркы макалдар бир эле элге таандык эмес. Ар кайсы уруулардан, элдерден чогултулган макалдар болгондуктан, андан бери кыйла заман өтүп, азыркы түрк тилдүү элдердин калыптануусу да ар башка, ар кайсы мезгилдерге туш болду. Араб, фарсы элементтери макалдардан да орун алды. Махмуд Кашгаринин эмгегиндеги «от ичтим» деген сүйлөмдөгү от күйө турган нерсе эмес. От «дары чөп» катары берилет. Демек, «от» чөп экендиги азыркы кыргыз тилинин материалдары менен деле түшүндүрүлөт: атты отко кой, оттоп жүрөт, откор. Байыркы түрктөрдүн чөптү дарылыкка колдонгонун макалдарынан көрөбүз. Алар андыз, жалбыз, мамыры жана башкалардын дарылыгын да белгилешкен.

Махмуд Кашгаринин заманында эле айрым түрктөр буддизм жөнүндө кабардар болгондугун макалдар ырастайт. Ошол убакта эле диний маселелердин жагдайлары, тоюндун (динчилдин) талапташ, пикирлеш экендиги таамай айтылат: Бир тойун башы агрыса, камуг тойун башы агрымас. – Бир тоюндун башы ооруса, бардык тоюндун башы оорубас. Тоюн – будда кечили. Татсыз түрк болмас, башсыз бөрк болмас.-татсыз түрк болбос, башсыз бөрк болбос. Тат-исламды кабыл албаган уйгур жана кытайлар. «Дивандагы» «тоюн», «тат», «сүбүзгөн» өңдүү диний сөздөр ошол мезгилдин реалдуу турмушунан алынган.

Макалдарды салыштырууда азыркы кыргыз тилинде сакталганын да, сакталбаганын да көрөбүз. Ар бир макал терең философиялык ойлорду гана камтыбастан, ошол кездеги түрктөрдүн дүйнө тааным, тарыхый турмушунан да кабар берет.

Кайсы элдин макалы болсо да коомдук мааниге ээ, өз коомунун турмуштук жагдайларын чагылдырып, тарбиялык, эстетикалык, таануу мааниге ээ. Улуттук өзгөчөлүк макалдардан даана көрүнөт. Ал турмуштун эң талуу жактарын таамай айтып, жаап жашырбайт, бүдөмүк да бербейт. Канчалаган муундардын тажрыйбасынан өткөн турмуштук макалдардан жаздым нерселерди көрө албайбыз.

Макалдардын өмүрүнүн узактыгын М.Кашгаринин «Дивану лугатит түрк» сөздүгүнөн, байыркы түрк жазма эстеликтеринен, антика афоризмдеринен, теги бир тектеш элдердин руханий дөөлөттөрүнөн көрөбүз.

**Экинчи глава «Кыргыздардын алтай, хакас, тува элдери менен болгон тарыхый байланыштары жана макалдары”** деп аталып алты параграфта каралат.

**§1. Алтай, кыргыз тарыхый байланыштары** деп аталган бөлүмдө тарыхчылардын изилдөөлөрүнө таянып, кыргыз-алтай этникалык маселелери боюнча илимий маалыматтар келтирилди.

«Тектеш эки элдин курамындагы этникалык аталыштарга назар салганыбызда алардын басымдуу бөлүгүнүн байыркы түрк жана ага чейинки мезгилдерде эле пайда болгондугу байкалат. Кыргыздардын жана

алтайлыктардын курамындагы кыргыз, кыпчак, дөөлөс (төөлөс), тогуз, татар, азык, төрдөш этнонимдери Орхон-Энесайдагы руникалык жазма эстеликтеринде өз алдынча уруулар, уруулук бирикмелер катары чагылдырылат. Аталган байыркы уруулар жана элдер кыргыздардын жана алтайлыктардын курамына этнокомпоненттер катары белгиленет…

«Манас» эпосунда кыргыз жана алтайлыктардын курамына жуурулушкан найман (калың найман, орчун найман), дөөлөс, кыпчак ж.б. ири уруулар жөнүндө маалыматтар бар. Кыргыз санжыраларында төөлөс, мундуз, найман, кыпчактар эң байыркы уруулар катары баяндалат. Кыргыздардын жана алтайлыктардын уруулук аталыштарындагы жалпылыктар да этногенетикалык алакаларды чагылдырат”[1].

С. М. Абрамзон төөлөс (дөөлөс) жана мундус (мундуз) кыргыз менен гана алтайларда жолугарын атайын баса белгилеген. Дөөлөс, мундуз кыргыздын эл болуп түзүлүшүндөгү байыркы компоненти болуп саналат. Кыргыз, алтай, дөөлөс, мундуз урууларынын алгачкы түбү бир болгон болуу керек. Анткени бул урууга карата айтылган макал ушул кезге чейин алтайларда да, кыргыздарда да бирдей жолугат: «Төөлөс (дөөлөс) төрүн бербес (бербейт), өлсө, көрүн бербес (бербейт)».

Кыргыз-алтай адабий байланыштары жөнүндө адабиятчылар Р.З.Кыдырбаева, Э.Абдылдаев, Т.Абдракунов «Алып-Манаш» жана «Манас», «Эр Төштүк» жана «Маадай-Кара» эпосторуна салыштырма иликтөө иштерин жүргүзүшкөн.

Алтай менен кыргыздардагы этнонимдик окшоштуктар алардын түпкү жалпылыгын белгилейт. Түрк тилдеринин классификациясында да алтай, кыргыз тилдери бир классификациялык топко жатат. Түрк элдеринин ичинен тилдик жагынан кыргыз тилине эң жакыны алтай тили болуп саналат. Аны макалдарды салыштыруудан да көрөбүз.

**§2. Алтай, кыргыз макалдары.** Байыркы кыргыздардын алтай, тува, хакас ж.б. коңшу элдер менен алакада болгондугу талашсыз. Булардын ичинде тилдик, этностук жагынан кыргыздарга жакындыгы В.В.Радлов, Б.М.Юнусалиев, Н.А.Баскаков жана тарыхчылар тарабынан да белгиленген.

Биздин изилдөөлөрдө да тува, хакас макалдарына караганда, алтай макалдары кыргыз макалдарына алда канча жакын экендиги көрүнөт.

Алтай фольклорун XIX кылымда академик В.В.Радлов көп жыйнаган. Ал 1860-жылы, экинчи жолу 1861-жылы Бий суусунун аймагына, Алтын-Көлгө, Чолушманга, тува жерине чейин материал топтогон. Аны 1866-жылы басмадан чыгарган. Аларды немец тилине которуп бастырган. Ал эмгектин арасында макал-лакаптар, табышмактар да камтылган. «Образцы народной литературы тюркских племен Южной Сибири» аттуу дүйнөлүк мааниси бар бул эмгек алтай тилин, адабиятын изилдөөчүлөр үчүн өтө зор

---

[1] Маанаев Э.Ж, Каратаев О.К. Кыргыз элинин этникалык өнүгүүсү.-Бишкек, КМПУ, 2003.-187-188-б.б.

мааниге ээ.

Алтайлардын кыргыздарга жакындыгы айрыкча макал сөздөрдөн даана көрүнөт. Алыскы кылымдардын өткөнүнө карабастан, окшоштуктун изи ушул убакка чейин суубай келе жатышы тилдин кыйла туруктуулугун гана көрсөтпөстөн, элдин ой-санаасын, элдик оозеки чыгарманын да эл эсинде кыйла кылымдар сакталарын көрсөтөт. Макалдар ар кандай тематиканы камтып, ошол элдеги үрп-адатты, каада-салтты, турмуштук жагдайды чагылдырат.

Алтайлардын төмөнкү макалдары менен кыргыз макалдарынан эч кандай обочо белгилерди көрө албайбыз. Булар бирдей эле шартта бир кездеги жакындыктан жаралган макалдар.

Бир ийт көрип үрет, бир ийт бодоп үрет. – Бир ит көрүп үрөт, бир ит болжоп үрөт. «Бир ит көрүп үрсө, бир ит көрбөй үрөт»,- деген кыргыз макалы бар. Бойыңды бойың мактаба, улус мактазын. – Боюңду (өзүңдү) боюң (өзүң) мактаба, улус (эл) мактасын. Этпестин токпогы жаан. – Этпестин токмогу чоң (жаан). Жылмай сууда балык бар, жылмайганда кылык бар. – Жылма сууда балык бар, жылмайганда кылык бар. Кижиге оро каспа, бойың түжериң.- Кишиге ор казба, боюң (өзүң) түшөр. «Бирөөгө ор казсаң, тереӊ казба, өзүӊ түшүп каласың»,-деген кыргыз макалы бар. Ыйлаңкай көстиң жажы кургабас. – Ыйлаак көздүн жашы кургабас. Кыргызда: «Ыйлаактын жашы кургабайт» - деп коюшат.

Ар бир элдин макалдарынын «курулуш» материалы ар башка. Анын спецификалык өзгөчөлүгү дал ушунда. Эликтиң мойнын ок кезер, эрдиң мойнын жок кезер. – Эликтин мойнун ок кесер, эрдин мойнун жок кесер. Ушуга эле уйкаш: «Аргымак мойнун ок кесет, азамат мойнун жок кесет», - деген кыргызда макал бар. Бул жогорку макалга трансформацияланган макал болуп жаралган болуу керек. Анткени алтайларда «азамат» деген сөз жок. Бул араб сөзү. Ошондуктан «эр» дегенге азамат маанилеш, «эликке» аргымак маанилеш болгондуктан, сөздөрү ар башка, бирок бир эле маанидеги макалдар жаралган. Баш жарылза, бөрүк ичинде, кол сынза, жең ичинде. –Баш сынса, бөрк ичинде, кол сынса, жең ичинде. Жакшы атка жол кыска, жакшы оюнга түн кыска. –Жакшы атка жол кыска, жакшы оюнга түн кыска. Тойгон жерде тогус конбо, отурган жерде одус конбо.- Тойгон жерге тогуз конбо, отурган жерге отуз конбо. Үүрдең калган мал – бөрүге жем. Элдең айрылган кижи өштүге жем.- Үйүрдөн калган мал - бөрүгө жем, элден айрылган киши өчтүүгө (душманга) жем.

Өлгөн инек сүттү болор, өлгөн кижи жакшы болор. - Өлгөн инек сүттү болор, өлгөн киши жакшы болор. Тышты килтиреер, ичи калтыраар. - Тышы жылтыраар, ичи калтыраар. Кыргызда: «Тышы жалтырак, ичи калтырак», деп калыптанган. Саар маалдың сүттүзи керек, садар малдың субайы керек. –Саар малдын сүттүүсү керек, сатаар малдын субайы керек.

Жогорудагы макалдардын бири да кыргыз макалынан ажырым-айырмалуу макалдар эмес. Бир тектен чыккандыктан, маани-мазмуну

жагынан болсун, сөздөрү жагынан болсун дээрлик бирдей. Болгону ар бир тил өзүнүн  фонетикалык, лексикалык, грамматикалык өзгөчөлүктөрүн чагылдыргандыктан, азыноолак гана айырмачылыктар учурайт. Ал - мыйзам ченемдүү көрүнүш.

Айрым учурда адамдардын атынан да эскинин изине сереп салууга болот. Мына бул табышмак-суроо саптан да жалпылыктын изи байкалат: Жалбактап кар түшсе, көп жайырба, Көбөгим? Күлменектеп ойногон – ол немези, Көбөгим? – Жабалактап кар түшсө, көк жаарбы, Көбөгүм? Бурканактап ойногон – ал эмнеси, Көбөгүм? Бул кыргыздагы: «Талым кыз менен Көбөктүн» айтыш ырынын башатынын эки элде байырлаганы байыркы байланышка из чалдырат.

Алтай миссионерлери түзгөн грамматикада ушул эки саптын жолугушу эле биздин Көбөк менен алтай Көбөгүнүн алыскы үнү болуп жаңырып турганын байкоо кыйын эмес. Ошондой эле алтайларда Жерен чечен деген да жолугат.

Алтай макалдарынын ушул күнгө чейин эки элде бирдей жолукканы, абалкы калыбында сакталышы алардын теги бир макалдар экенин далилдейт. Алтайлардын, кыргыздардын тилдик гана жакын тектештиги болбостон, элдик оозеки чыгармасында да тектештиги күчтүү экенин макалдар кадиксиз далилдеп турат. Алтай макалдарында араб, иран сөздөрү болбогондуктан, алар алтайлыктарда байыркы жаралышы калыбында калган. Алтай макалдарынын кыргыз макалдарына өтө жакындыгы, тектештиги байыркы замандын дарек-башатына күбө.

**§3. Хакас, кыргыз тарыхый байланыштары.** Аталган бөлүм тарыхчылардын изилдөөлөрүнүн негизинде кыскача маалыматтар менен берилди. Кыргыз, хакас этникалык байланышы байыркы замандарга барып такалат.

Сибирдик кыргыздар хакастардын этногенезинде башкы ролду ойногонун элдик санжыралар да тастыктайт. Хакастардын курамындагы «кыргыз» сөөгү (уруусу) эң ири, көрүнүктүү орун ээлейт.

Кыргыз менен хакастардын тарыхый жалпылыгы тарыхчылардын белгилегенине караганда, кыргыз, хакас этнонимдеринде бир кыйла параллель этнонимдер жолугат: кашка (хакастарда хасха), сартек (сартах), керейит (кереит), аскалы (аска), сары (сарыглар), билдир (пильтир), карга (карга), калмак (халмак), кара тума (тумат), бука (пуга), нарбат (нарба).[1]

Хакасиядагы жер-суу аталыштарында да кыргыз этноними кеңири жолугат.

**§4. Хакас, кыргыз макалдары.** Хакас элинин макалдары жана табышмактары биринчи жолу атайын жыйнак болуп Абакандан 1960-жылы чыккан. Революцияга чейин бул майда жанр Н.Ф.Катанов тарабынан жыйналып, В.В.Радловдун «Образцы народной литературы тюркских племен» (1907) аттуу эмгегине хакастардын баатырдык эпостору,

[1] Молдобаев И.Б. Этнокультурные связи кыргызов в средневековье.-Бишкек, 2003.-27-б.

жомоктору, ырлары менен кошо басылган.

Хакас макалдарынын лексикалык негизин: нагыз түрк сөздөрү, б.а. байыркы түрк элементтери; түрк-монгол параллель колдонулган сөздөр; түрк тилдерине жалпы мүнөздүү орток лексика жана коңшу жашаган тарыхый байланышы бар шор, тува, алтай, якут, кыргыздардын сөздөрү; нагыз хакастарга мүнөздүү сөздөр түзөт.

Хакас макалдарында жолуккан айрым сөздөр аркылуу кыргыз сөздөрүнүн да мааниси ачыла турганын байкайбыз. Хакас тилиндеги том «дары» маанисинде. Муну кыргыз тилиндеги «дом» менен салыштырсак болот. Эм-дом ырлары дегендеги экинчи компоненттеги «дом», эм «дары» маанисиндеги сөз менен маанилеш, синоним сөз. Хакас тилиндеги погана «кыска» маанисиндеги сөз. Муну кыргыз тилиндеги «боконо» менен салыштырууга туура келет. Боконо да кыска кабырга экени белгилүү. Хакас тилиндеги «килегей» сөзү тилге байланыштуу «кекеч» маанисинде. Кыргыз тилинде «тили келегей» деп айтылат. Теги бир бул сөздөр монгол тилинде да жолугат. Бирок монгол элементтери хакас эпосторунда, макалдарында арбын жолуккандыктан, жөнөкөй окуучуга дайым эле түшүнүктүү эмес. Макалдар бирдей мааниде болгону менен, фонетикалык олуттуу айырма болгондуктан, салыштыруу аркылуу аныктоого туура келет: Чидиктиг кизиниң чүс чазых, алган кизиниң пир чазых. – Жоготкон (алдырган) кишиде жүз жазык, алган кишиде бир жазык. Чабал кизи чагадаң кабадыр, чабал адай соонаң кабадыр. – Жаман киши жакадан алат, жаман ит аркадан кабат. Бул кыргыз макалы менен тектеш. Чабыс таа полза, адым пар, хомай да полза ипчим пар. – Жапыз да болсо, атым бар, коомай (начар) да болсо, катыным бар. Хакастар аялды «ипчи» дешет. Кыргыздардагы «Эр жак, эпчи жак» дегендеги «эпчи» “ипчи” сөзүнө туура келет. Байыркы түрктөр үйдү «эб» деген. Демек ипчи «үйчү», башкача айтканда үй-жайды ээлеген, үйүн тейлеген аял, жубай. Алтайлар аялды «үй кижи» дешет. Сөзмө сөз алсак «үй киши». Чабал тонның пиди ачыг, чабал кизиниң тили ачыг. – Жаман тондун бити ачуу, жаман кишинин тили ачуу. Бул макалдар да эки элде бирдей жолугат. Чахсы ат хулунда көринче, чахсы кизи кичигде пилдирче. – Жакшы ат кулунунда көрүнөт, жакшы киши кичинесинде (бала кезден) билинет. Кыргыздагы: «Болор кулун желеде жулкунат, болор уул бешикте булкунат», - деген макал менен жогорку хакас макалы бир эле мааниде.

Ар бир тилдин өз өзгөчөлүктөрү болгондуктан, кээ бир сөздөр синоним сөздөр менен алмашылып, бирок бир эле ойду камтыйт: Чабас пасты хылыс киспес. – Жапыз башты кылыч кеспес. Кыргызда: «Ийилген башты кылыч кеспейт», алтайларда: “Жобош башты кылыш кеспес”, - болуп айтылат.

Жогорудагы хакас макалындагы «жапыз баш» менен кыргыз макалындагы «ийилген баш» алтай макалындагы “жобош баш” бир эле мааниде, ал эми үч тилде тең «кылыч кеспейт» болуп үч макалдын бир тектүү экендигин даана билдирип турат.

Абадаң хорыхсаң, тайгаа даа пар полбассың. – Аюудан корксоң, тайгага дагы барып болбоссуң. Аюудан корккон тайгага кирбейт.

Хакастардын тайгасы айбанаттарга бай. Аюу баштаган илбээсиндер адам баласына коркунуч туудурат. Ошого карата чыгарылган хакас макалдары бир кыйла. Орустарда: «Карышкырдан корккон токойго кирбейт», - деген макал айтылат. Хакастарда токойдун ордуна «тайга», карышкырдын ордуна «аюу» туура келип, ар ким өз жер шартына жараша макалдарды чыгарган. Ушул маани дыйканчылык менен алектенген элдерде: «Чегирткеден корккон эгин экпейт», «Таранчыдан корккон таруу айдабайт», - деген сыяктуу макалдарда айтылып, ар элдин макалынын өз өзгөчөлүгүн түзөт.

Сагызың пик тут, тилиң хысха тут. – Оюңду бек тут, тилиңди кыска тут. Хазан суглых ползын, хат хамчылыг ползын. – Казан суулуу болсун, катын камчылуу болсун. Бул кыргыздагы: «Камчы кайраттуу болсо, катын уяттуу болот», - деген макалга маанилеш. Жогорку хакас, кыргыз макалдарынын бир булактан чыккандыгы ойдун да бирдейлигинен, түзүлүшүнөн көрүнүп турат.

Хусхун хусхунның харагын чухчулар чогыл хачан даа. – Кузгун кузгундун көзүн чокубайт качан дагы. Кыргыз элинде: «Карга карганын көзүн чокубайт», - дейт. Бул макал түрк элдеринде гана эмес, дүйнө элдерине кеңири тараган макал.

Сугнаң, отнаң ойнаба. – Суу менен, от менен ойнобо. Кыргызда: «Суу менен, от менен ойнобо». «Суу менен от – тили жок жоо», - деп айтылат. Ичези чабалның палазын алба, изиги чабалның төрине одырба. – Энеси жамандын баласын (кызын) алба, эшиги жамандын төрүнө отурба (өтпө). Ушул эле макалга үндөш кыргыз элинде: «Энесин көрүп кызын ал, эшигин көрүп төрүнө өт», - деген макал бар.

Жогорудагы макалдар жалпы эле алтай, хакас, тува ж.б. түрк, монгол элдеринде да жолугушун жокко чыгарууга болбойт. Анткени узак кылымдар болгон байланыштын учугу ушуга алып барат. Өзгөчө аралыгы жакын аймакта турган алтай, хакас, тува элдериндеги жана бир кезде Энесай, алтай, Кыргыз-нор тарабын мекендеген кыргыздардын макалдарындагы окшоштуктар тарыхый тамыры тереңге кеткен элдердин орток макалдарынын жаралышына алып келген.

Хакас тилиндеги өзгөчөлүктөргө карап, макалдарындагы айрым сөздөрдүн кыргыз тилиндеги сөздөргө туура келбестиги алардын тектештигин алыстатпайт.

Хакас, кыргыз макал, лакаптары бир гана доордун табылгасы эмес, ал бир канча узак мезгилдерди башынан өткөргөн, элдин жашоо-турмушу менен ажырагыс байланышкан элдик оозеки чыгарма, элдин тарыхы.

Салыштырылган тилдердин макал, лакаптарынын тарыхый байланышын, керектүү учурда тилдик түзүлүшүн, этнографиялык, этногенез маселелерин изилдөө иштерине таянуу менен иликтөөгө алдык. Эгерде хакас, кыргыз макалдары окшош жолукса, анын чордонунда

жашоо-тирликтин жакындыгы, оозеки чыгармалардын тектештиги жатат. Хакастардагы кыргызда жолукпаган сөздөр, кай бир байыркы кыргыз, түрк сөздөрү учурап, ал тилдин өзгөчөлүгүнө жараша элдик мүнөздү чагылдырат. Азыркы кыргыздар үчүн түшүнүксүз сөздөр да арбын. Аларды тилдин фонетикалык, грамматикалык жагдайына карата карап, салыштырууга туура келди.

**§5. Тува, кыргыз тарыхый байланыштары.** Тува жери жана ага жамаатташ жерлер байыркы Кыргыз каганатынын бийлигинде узак жылдар болгону маалым. Кыргыз уруулары бул аймактарды жердегенин илимий изилдөөлөрдө, кыргыз жазма эстеликтеринде кыргыздарга тиешелүү археологиялык, фольклордук маалыматтар жана тувалардагы «кыргыз» деген уруулардын болушу далил боло алат. Бул көрүнүштөр – этногенетикалык байланыштардын натыйжасы экендиги тарыхчылардын илимий изилдөөлөрүндө кеңири көрсөтүлгөн.

Кыргыздардын жана тувалардын этникалык жана маданий алакалары байыркы жана орто кылымдардан башталат. Тува, кыргыз тарыхый байланышы болгон соң, алардын тилинде да байланыш болбой койбойт. Тувалар менен гана алакада болбостон, чектеш болгон монголдор менен тилдик катнаш күчтүү болгондуктан, монгол тилдүү болуп калган тува-кыргыздары да бар экени кийинки изилдөөлөрдө такталган. Дегеле Түштүк Сибирь түрк тилдерине монгол тилинин күчтүү таасири, асиресе тува тилине өтө күчтүү тийгендиги белгилүү. Ошондой болсо да тува тили байыркы элементин сактоо менен, өз өзгөчөлүктөрүнө ээ болуп, монгол элементтеринин да күчтүү таасирине кабылган. Өзгөчө монгол лексикасы тува тилинен кеңири орун алган.

**§6. Тува, кыргыз макалдары**. Тува эли – түрк тилдүү элдердин бири. Алар - буддистер. Элдин тектештигин дин түзбөйт, тил түзөт. Ошондой болсо да тува эли монголдор менен тарыхый карым-катышта болгондуктан, жогоруда айтылгандай, монгол тилинин таасири күчтүү болгонун да унутпоо керек. Ошондуктан тува макалдарында түрк макалдары гана эмес, монгол макалдары да параллель жолугарын тануура болбойт. Алардын көпчүлүгү тилдик жана маанилик жактан бирдей жолуккандары арбын. Андай окшош көрүнүштөр маданий-тарыхый өнүгүштүн жалпылыгы, тилдик тектештик, географиялык жакындык, рухий өз ара карым-катыштын, өз ара таасирдин натыйжасынан улам келип чыккан. Кыргыз макалдарынын ичинде да жалпы түрк, монгол, тува, казак, түркмөн, татар ж.б. элдерде айтылган макалдары бар. «Эртеңки куйруктан бүгүнкү өпкө»,- деген тувалаарда да, монгол, бурят, калмактарда да бар. «Жылкы кишинешип, адам сүйлөшүп таанышат», - деген макал алтай, түркмөн, якут, хакастарда, казактарда деле айтылат. «Атанын көөнү – балада, баланын көөнү – талаада», - деген макал дүйнөнүн көптөгөн элдеринин тилинде айтылат. Турмуштук тажрыйбадан туулган мындай туундулар жалпы адамзаттык макалга айланып кеткенин көрүүгө болот.

Тува тили байыркы тилдик белгилерди көбүрөөк сактаган. Орхон-

енисей эстелигинин тилин «д» тили» деп коюшат, б.а. аюуну «адыг», айгырды «адгыр», күйөөнү «күдегү», тойду «тод», куйрукту «кудурук» ж.б. деп, «й» ордуна «д» айтылгандан улам байыркы эстеликтин тилин «д» тили» дешет. Демек ушул белги да тува тилинде сакталганын анын макалындагы мисалдардан да көрөбүз:

Тоткан кижээ тогду кудуруу кадыг. – Тойгон кишиге токту куйругу катуу. Тилдик жагынан салыштырып көргөндө, кыргызга бардык сөздөрү төп келет. Тод – той, кижээ – кишиге, тогду – токту, кудуруу – куйругу, кадыг – катуу. Демек тод, кудуруг байыркы орхон-енисей эстеликтеринде дал ушул калыбында жолугат. Бул байыркы белгинини сакталып калышы аны өзгө тилдерден эстеликтин тилине көбүрөөк жакындаштырат.

Айрым тува макалдарын кыргыз макалдарына салыштырганда бир кыйла тува макалдарындагы сөздөрдү түшүнүү кыйынга турат. Анткени көп сөздөр фонетикалык өзгөрүүгө дуушар болгондуктан, аларды тилдик закондордун негизинде аныктай алабыз: Чечен – менде, чечек – черде. – Чечен (дик) - менде, чечек (гүл) – жерде. Чечек сөзү кыргыз тилинде сейрек колдонулуп, кабыл алынган «гүл» иран сөзү активдүү колдонулуп кеткен. Бижектиң чидии херек, сөстүң чигези херек. – Бычактын жеткири керек, сөздүн өткүрү керек. Сөглеен сөс – керткен ыяш. – Сүйлөгөн сөз – керткен жыгач. Айтылып кеткен сөз болгон соң, ал кайра жамалбайт. Керткен жыгач да кайра калыбына келбейт.

Кижи өзер, кидис шөйлүр. – Киши өсөөр, кийиз чоюлар. Өзгө коңшу алтай, хакас макалдарындай эле туваларда да бирдей айтылган макалдар бар. Ал - кыргыздарга деле мүнөздүү макалдар: Баштай үнген күлакты, соңнай үнген мыйыс эртер. – Мурда өнгөн (чыккан) кулактан, кийин чыккан мүйүз озот. Ал эми кыргыз элинде: «Мурда чыккан кулактан кийин чыккан мүйүз озот», - деп жогорку макалдын дал өзүндөй айтылат.

Боду ушкан уруг ыглавас. – Өзү жыгылган бала ыйлабайт. Макалдардын теги бир эле, бирок сөздөрдө гана айырма бар: бод «бой», «өз» маанисинде, ушкан «учкан», «жыгылган», уруг «урук», «бала», ыгла – ыйла. Ада кижи оглун сактыр, алдын доос кудуруун сактыр. – Ата киши уулун сактар, алтын тоос куйругун сактар. Кускун кара даа болза төлүнге ынак. – Кузгун кара да болсо төлүнө ынак. Бул кыргыздагы «Карга баласын аппагым дейт», - деген макалдын өзү.

Мал алазы чараш, кижи алазы багай.-Мал аласы жараш (жарашыктуу), киши аласы быкый (жаман). Кыргызда: «Мал аласы сыртында, киши аласы ичинде», -делет.

Саар малдың сүттүү херек, садар малдың кырганы херек. – Саар малдын сүттүүсү керек, сатар малдын карганы керек. Даг атты човадыр, кылыг ботту човадыр. – Тоо атты жоботор (чарчатар), кылык бойду жоботор (чарчатар). Көшкенде теве херек чок, кешкенде хеме херек чок. – Көчкөндөн кийин төөнүн кереги жок, кечкенден кийин кеменин кереги жок. Ыяш чымчаан торга тывар, кижи чымчаан кижи тывар. – Жыгач жумшагын тоңкулдак табар, киши жумшагын киши табар. Кыргызда:

«Жыгачтын жумшагын курт жейт, кишинин жумшагын киши жейт», - дейт. Даг көрбейн эдээң азынма, суг көрбейн идииң ужулба. – Тоо көрбөй этегиңди ачынба (кайрыба), суу көрбөй өтүгүңдү чечпе. Мал кижтежип тааныжаар, кижи чугаалажып тааныжар. – Мал кишенешип таанышар, киши сүйлөшүп таанышар. Бул макалдар алтай, хакас, тува жана кыргыз тилдеринде бирдей жолугат. Демек бул тилдердеги макалдардын тектештигинин далили.

Макалдардын тектештигин кароодо сөзсүз эле сөздөрдүн далма-дал келишине басым жасоого болбойт, анын маанилик жагы туура келеби, ошол жагына да басым жасоо керек.

Тилдик жагы канчалык жакын болсо, макалдардын окшоштугу да ошончолук жакын болот. Алтай тили менен кыргыз тили жакын болгондуктан котормосуз, кыйынчылыксыз оңой эле түшүнүүгө болот, анткени фонетикалык да, грамматикалык жагы да өтө жакын. Ал эми тува тилинде монголизм, байыркы белгилердин да сакталышынан улам бир кыйла кыйынчылыкка дуушар болобуз. Ошондой болсо да, теги бир тилдердин түбү бир болгондуктан, алардын законченемдүү туура келүүлөрүн тилдик жактан аңдап алуу кыйындыктарды жеңилдетери белгилүү. Жөнөкөй эле көрүнгөн мисалды алсак: Ие көрбээнин кызы көөр, ада көрбээнин оглу көөр. Созулма үндүүлөр катышкан көрбээнин «көрбөгөнүн», көөр «көрөр», ада «ата», оглу «уулу» болуп жолугушу фонетикалык туура келүүлөр менен түшүндүрүлөт.

**Иштин корутунду бөлүмүндө** изилдөөдөн келип чыккан жыйынтыктар берилди.

Байыркы замандарда эле чыккан макалдар муундан – муунга өтүп, мурасталып келген. Ар калктын макалы өзүнчө улуттук өзгөчөлүктөргө ээ. Анын качан жаралганы белгисиз, авторлору дайынсыз. Ар бир доордун мүнөзүнө жараша макалдар жаралат. Макалдардын жаралыш процесси үзгүлтүксүз көрүнүш. Шыктуу, таланттуу адамдардын учкул сөздөрү эл тарабынан кабыл алынып, улам такталып, көркөмдүгү артып, элдик макалга айланат. Макалдарды өзгөрбөй алгачкы калыбында эле тура берүүчү сенек нерсе катары кароого болбойт. Турмуш, заман өзгөрмөлүү болгондуктан, шартка ылайык айрым макалдар да өзгөрүүгө дуушар болот.

Тарыхый басып өткөн турмуштук тажрыйбанын жалпылыгы, тилдик, этникалык тектештик, экономикалык маданий алака байланыштар, бири-бирине оошу аркылуу макалдарда окшоштуктар келип чыккан. Коңшу турган элдер менен гана эмес, аймагы миңдеген чакырым алыстыктагы социалдык, географиялык чөйрөсү башка элдер менен дагы элдердин макалынын окшош болуп калуусу көп эле жолугат.

Байыркы түрк жазма эстеликтери – бүткүл түрк элдеринин жазмасынын байыркы башаты, орток дөөлөтү. Андагы салыштыруулар, туруктуу сөз айкаштары, таамай, так айтылган ойлор-чечен сөздөрдүн алгачкы үлгүсү.

Антикалык афоризимдер менен кыргыз макалдарындагы дал келүүлөр турмуштук көз караштардын окшоштугунан, макалдардын оошуп кирүүсүнөн келип чыккан.

М.Кашгаринин «Дивану лугатит түрк» сөздүгүндөгү камтылган макалдардын бүгүнкү күнгө чейин түрк элдеринде сакталып, айтылып келиши макалдардын туруктуулугуна күбө.

Түштүк Сибирдеги алтай, тува, хакастардын макалдары менен кыргыз макалдарындагы жалпылыктар алардын тарыхый тамыры бир экендигин көрсөтөт.

Макалдарды салыштыруудан: а) каралган тилдердин бардыгына жалпы орток макалдардын; б) маанилеш, бирок түзүлүшү боюнча айырмалуу макалдардын; в) ар бир тилдин өз өзгөчөлүктөрүнө мүнөздүү макалдардын жолугарын көрөбүз.

Ар элдин макалы өзүнүн тилдик закондорунун негизинде калыптанган. Аталган элдердеги айрым макалдар бири бирине мааниси жагынан толук дал келип, же кээ бир сөздөрүндө гана айырмачылыктар болот. Демек бирдей эле окуянын бул тилдерде окшош чагылдырылышы анын тарыхый тамырынын бир булактан чыккандыгын билдирет. Ушул жагдайлар бул элдердеги тилдик, этнонимдик гана жакындыкты көрсөтпөстөн, адабий булактардын да, анын ичинде макалдардын тектештигин билгизе турган маалыматтарды берерин изилденген маселелер, мисалдар көрсөтүп турат. Ар бир эл өзүнүн тарыхый онугуш жолунда ар кандай этаптарды басып өтөт, өзүнө мүнөзүү улуттук өзгөчөлүктөрү бар. Ошондон улам макалдардагы айырмачылыктар келип чыгат.

**Диссертациянын негизги мазмуну автордун төмөндөгү публикацияларында чагылдырылган:**


1. Байыркы учкул сөздөрдүн учкундары // Кыргыз тили жана адабияты.-Каракол: ЫМУ, 2005.-№8.-154-157-б.б.
2. Маржан саптар // Кыргыз тили жана адабияты. -Каракол: ЫМУ, 2005.-№ 9.-200-204 б.б.
3. Макалдардагы тектештик // Вестник Иссык-Кульского университета. -Каракол: ЫМУ, 2006.-№ 17.-212-213-б.б.
4. Антика афоризмдери жана кыргыздын накыл сөздөрү // Кыргыз тили жана адабияты. -Каракол: ЫМУ, 2007.-№ 11.-170-173-б.б.
5. Коркут ата жана Жусуп Баласагындын «Кутадгу билиг» поэмасындагы накыл сөздөр // Вестник Иссык-Кульского университета. -Каракол: ЫМУ, 2007.-№ 18.-167-171-б.б.
6. Тува, кыргыз тарыхый байланыштары, макалдары // Эл агартуу. -Бишкек, 2007.-№5-6.-28-34-б.б.
7. Хакас, кыргыз элинин макалдары // Эл агартуу. -Бишкек, 2007.-№ 5-6.-34-39-б.б.
8. Макалдардын тарыхый байланышы // Вестник Иссык-Кульского университета. -Каракол: ЫМУ, 2008.- №21.-225-228-б.б.

**Абдубалиева Бактыгүл Жумакадыровнанын** 10.01.09-фольклористика адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган ***«Түрк элдеринин макалдарынын жалпылыктары жана өзгөчөлүктөрү»*** (кыргыз, алтай, хакас, тува макалдары) аттуу диссертациялык ишинин


**РЕЗЮМЕСИ**

**Негизги сөздөр:** макалдар, тектештик, жалпылык, өзгөчөлүк, тарыхый, этнография, этногенез, салыштыруу, окшоштук, элдик оозеки чыгарма, антика афоризми, учкул сөздөр.

Диссертацияда байыркы башаттар, антикалык афоризмдер, түрк элдеринин макалдары (алтай, хакас, тува) кыргыз макалдарына салыштырылып, кыргыз фольклористикасында биринчи жолу илимий иликтөөгө алынды. Диссертация киришүүдөн, эки главадан, корутундудан турат.

**Биринчи глава** «Байыркы башаттар» деп аталып, байыркы түрк жазма эстеликтериндеги накыл сөздөр, антика афоризмдери, М.Кашгаринин «Дивану лугатит түрк» сөздүгүндөгү макалдар каралган.

**Экинчи глава** «Кыргыздардын алтай, хакас, тува элдери менен болгон тарыхый байланыштары жана макалдары» деп аталат. Аталган элдердин тарыхый байланыштарына, макалдарына иликтөөлөр жүргүзүлдү.

**Корутунду** бөлүмүндө иште каралган маселелер боюнча жыйынтыктар чыгарылат.



**РЕЗЮМЕ**

диссертационной работы **Абдубалиевой Бактыгул Жумакадыровны** ***"Обшности и особенности пословиц тюркских народов*** *(кыргызов, алтайцев, хакасов, тувинцев)* ***"*** по специальности 10. 01. 09-фольклористика на соискание ученой степени кандидата филологических наук.

**Ключевые слова:** пословицы, родственные слова, историческая этнография, этногенез, античные афоризмы, устное народное творчество, крылатые слова, сравнения, аналогия, обшность и особенность.

В диссертации впервые в кыргызыской фольклористике подвергается научному исследованию древние источники, античные афоризмы, пословицы тюркских народов (кыргызов, алтайцев, хакасов, тувинцев) в сравнительно- типологическом изучении. Диссертация состоит из введения, двух глав и заключения.

**Первая глава** " Древние источники" рассматривает мудрые изречения древних тюркских письменных памятников, античные афоризмы, пословицы словаря М Кашгари "Дивану лугатит тюрк".

**Вторая глава** "Исторические связи и пословицы кыргызов, алтайцев, хакасов, тувинцев" исследует исторические связи и пословицы этих народов.

**В заключении** даны обобшения и выводы по вопросам научной

работы.

## RESUME

of **Abdybalieva Baktygul Jumakadyrovna** of the dissertation work on the theme: ***"Community and peculiarities of proverbs of Turkish people*** *(Kyrgyz, Altai, Hackas, Tuva)* on specialty 10.01.09- Folklore for investigating scientific degree of philology science.

**Key words:** Proverbs, related words, historical ethnography, ethnogenez, comparisons, folklore, ancient aphorism, winged words, analogues, unities and peculiarities.

For the first time in Kyrgyz folklore the ancient sources, ancient aphorisms Turkish people (Kyrgyz, Altai, Hackas, Tuva) proverbs in the comparison – typological investigating was researched.

The Dissertation work consists of Introduction, 2 Parts and Conclusion.

**Part I** "The ancient sources" was devoted to the researching of wise saying of ancient Turkish written monuments, antic aphorisms, proverbs from M. Kashgari's reference book: "Divani Lugatit Turkish"

**Part II** the theme "Historical ties and the proverbs of Kyrgyz, Altai, Hackas, Tuva" was devoted to the investigating of historical ties and proverbs of these people.

**The Conclusion** was devoted to the conclusion of the scientific work.